**УДК 339.923**
**DOI 10.53473/16946324_2022_4**

**Жолдошева Мадина Амангельдыевна**
ОИӨК «Кыргызстан Эл аралык Университети»,
«Эл аралык мамилелер» багытынын PhD докторанты
zholdosheva.madina89@mail.ru

**Жолдошева Мадина Амангельдыевна**
УНПК "Международный университет Кыргызстана",
Докторант PhD, направление «Международное отношение»
zholdosheva.madina89@mail.ru

**Zholdosheva Madina**
ERPC "International University of Kyrgyzstan",
Doctoral student PhD, « International relationship »
zholdosheva.madina89@mail.ru

# ЯПОНИЯНЫН КЫРГЫЗСТАНГА КАРАТА ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАРДАМЫ

# ЭКОНОМИЧЕСКАЯ ПОМОЩЬ ЯПОНИИ КЫРГЫЗСТАНУ

# JAPAN'S ECONOMIC ASSISTANCE TO KYRGYZSTAN

***Аннотациясы:*** *Бул макалада айыл чарбасы, социалдык инфраструктураны куруу, гранттык жардам жана саламаттыкты сактоо сыяктуу секторлор каралып, натыйжада «Экспорттун атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу жана өлкөбүздүн жашоосун жакшыртуу үчүн бизнеске көмөк көрсөтүү аркылуу экономикалык өнүгүү жана жакырчылыкты жоюу». Кызматташтыктын ушул жана башка багыттары алгачкы этаптарда Кыргыз Республикасындагы ЖАЙКАнын төмөнкү программаларында чагылдырылган.*
***Негизги сөздөр:*** *экономикалык жардам, транспорттук, инфраструктура, гранттык жардам.*

***Аннотация:*** *Данной статье рассматриваются такие сектора, как сельское хозяйство, построение социальной инфраструктуры, грантовая помощь и здравоохранение, в результате которой «Экономическое развитие и искоренение бедности путем усиления экспортной конкурентоспособности и содействия бизнесу для улучшения жизни нашей страны». Эти и а также другие направления сотрудничества на ранних этапах, нашли свое отражение в следующих программах JICA в КР.*
***Ключевые слова:*** *экономисекая помощь, транспорт, инфраструктура, грантовая помощь.*

***Abstract:*** *This article examines sectors such as agriculture, social infrastructure construction, grant aid and health care, resulting in "Economic development and poverty eradication by enhancing export competitiveness and promoting business to improve the life of our country." These and other areas of cooperation at the early stages were reflected in the following JICA programs in the Kyrgyz Republic.*
***Key words:*** *economic assistance, transport, infrastructure, grant aid.*

Жапония тарыхый кыска убакыттын ичинде дүйнөлүк лидерлердин катрына кошулуп экономикалык ийгиликтүү өлкөлөрдүн бири болуп саналат. Жапон экономикасын кайра

куруу процессинде мамлекеттик жөнгө салуу жана пландаштыруу рычагдары өзгөчө рыноктук, индикативдүү мүнөзгө ээ болгондуктан, Жапония дүйнөдөгү ири соода ыйгарым укуктарынын бири болуп саналат. Азыркы учурда Жапония АКШ жана ГФРден кийин үчүнчү экспорттоочу өлкөнүн санын сактап жатат. Бирок Жапония тышкы экономикалык ишмердүүлүгүнүн көп багыттары боюнча лидер болуп саналат, ошондуктан тышкы соода Жапониянын экономикалык өнүгүүнүн абдан чоң ролду ойнойт [1, стр. 1].

Жогоруда көрсөтүлгөн жардам көрсөтүүнүн негиздерин жана жаңы өнүгүү стратегиясын эске алуу менен Жапониянын Өкмөтү туруктуу жана тең салмактуу экономикалык өнүгүүгө жетишүүдө, Жапония Кыргызстандын эгемендүүлүк алгандан бери адам ресурстарын, транспорт инфраструктурасын жана айыл аймактарын өнүктүрүүгө эбегейсиз жардам көрсөткөн негизги донор өлкө болуп саналат. Гранттык колдоо социалдык инфраструктураны: саламаттыкты сактоо жана билим берүү объектилерин калыбына келтирүүгө да каралган. Бул аркылуу ал Кыргызстанда демократиясына колдоо көрсөтөт [1, стр. 1].

Мисалы келтире кетсек, бул жылдар аралыгында Кыргызстанда ЖАЙКА эл аралык агенттиги аркылуу айыл аймактарын туруктуу өнүктүрүүгө багытталган бир катар долбоорлор ишке ашырылган. Ийгиликтүү болгондордун бири – “Бир айыл, бир продукт” болуп эсептелинет.

Бул уюм 2011-жылы Ысык-Көл облусунун жергиликтүү жамааттарын активдештирүү максатында түзүлгөн. БАБП Кыймылын киргизүү аркылуу экономикалык активдүүлүктү өнүктүрүүгө багытталган.

БАБП кыймылы Япониянын Оита префектурасында пайда болгон, аймакты өнүктүрүү үчүн атайын иштелип чыккан стратегиялык кыймыл. Бул жаңы өнүмдөрдү иштеп чыгуу, продукциянын сапатын контролдоо, жогорку кошумча наркты сатуу аркылуу Ысык-Көл облусунун жергиликтүү тургундарынын кирешесин жана бакубаттуулугун жогорулатуу максатында жамааттарды өнүктүрүүгө комплекстүү мамиле кылуу жана адам ресурстарын өнүктүрүү болуп саналат [2, стр. 1-2].

«Бир айыл-бир продукт» ассоциациясы жергиликтүү өндүрүшчүлөрдүн уюму болгондуктан 300 тайпалар ачылган. Тайпанын ичинде 2500дөн ашык адам бар жана анын мүчөлөрү өндүрүштүн түрдүү тармактарында адистешкен, мисалы, кийиз, кол өнөрчүлүк, балчылык, тамак-аш кайра иштетүү жана башка көптөгөн нерселер.

БАБП продукциясы Ысык-Көл бренди менен сатылат. Бул товардык белги Ысык-Көл бренд комитети тарабынан төмөнкү критерийлер боюнча ыйгарылат: Сертификатталган, Жергиликтүү жана жаратылыш ресурстарынан жасалган, Табигый, Уникалдуу дизайн болуп саналат [2, стр. 1-2].

Мындан кийинки Жапониянын иши иендик кредиттер (Жапония өкмөтү тарабынан жеңилдетилген шарттарда берилүүчү кредиттер). Долбоорлор:

• Калыбына келтирүү кредити
• Товардык кредит
• “Манас” эл аралык аэропортун модернизациялоо долбоору
• Бишкек-Ош жолун реабилитациялоо долбоору (I)
• Бишкек-Ош жолун реабилитациялоо долбоору (II)
• Социалдык секторду жөнгө салуу программасы

Кийинки Жапониянын көрсөтүлгөн жардамы транспорт инфраструктурасы. Кыргызстандын туруктуу өнүгүүсү үчүн өлкөнүн экономикалык транспорт инфраструктуранын жөнгө салуу болуп саналат. Ошон үчүн транспорт инфраструктурасын өнүктүрүү негизинен транспорттун унаа жолдорун башкарууну жөндөмүн жакшыртуу жана унаа катышуусу күтүлүүдө унаамагистралдардын жол кыймылынын товарларды ташууну активдештирүү жана башка секторлорго толкундуу натыйжа берүү тармактары жардам берилет [3, стр. 134].

Ошондой эле, шаардык жана айыл жергесинин унаа жолдорунун диспропорцияны жөнгө салуу максатында, Бишкек-Ош, Ош-Баткен- Исфана жана башка унаа жолдорун

жакшыртууга жардам беришкен. 2007-жылы Кыргыз Республикасынын Нарын облусунда автожолдорду кармоо үчүн жабдуу берилген.

Гранттык колдоо максатында Жапония Кыргызстанга төмөнкү колдоолорду корсөтүп келет:

• КР азык-түлүктү көбөйтүү программасы (1996, 1997, 1998, 1999, 2000, 2001)
• Долбоордук эмес грант (1994, 1995, 1996, 1998, 2000, 2002, 2004)
• Улуттук педиатриялык госпиталга медициналык жабдуулар долбоору (1995)
• Бишкек шаарынын тез жардам кызматынын абалын жакшыртуу долбоору (1998-ж.)
• Акушердик-гинекологиялык ооруканaны медициналык жабдуулар менен камсыздоо долбоору (2002-ж.)
• Аймактык балдар ооруканаларын медициналык жабдуулар менен камсыздоо долбоору (2003-ж.)
• Улуттук телерадиокорпорациянын телерадиоберүү жабдууларын жакшыртуу долбоору (2004-ж.)
• «Нарын жолун тейлөө жабдуулары» долбоору (2006-ж.)
• Чүй облусундагы көпүрөлөрдү реконструкциялоо долбоору (2007-ж.)
• Адам ресурстарын өнүктүрүү боюнча стипендия программасы (2006-7)

"Гранттык жардам " Чөптүн тамыры"

«Чөптүн тамыры жана адам коопсуздугу» гранттык программасы Кыргыз Республикасында 1996-жылдан бери ишке ашырылып келет. Ал жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, баштапкы медициналык-санитардык жардам мекемелеринин, башталгыч билим берүүнүн, өкмөттүк эмес уюмдардын жана башкалардын күч-аракетин колдонуу менен адамдын негизги муктаждыктары көйгөйүн чечүүгө багытталган [4, стр. 64].

Таблица 1 – Грант алуу түрү боюнча




JICA жогоруда көрсөтүлгөн Гранттык жардамды көрсөтүү боюнча зарыл болгон алдын ала изилдөөлөрдү жүргүзүүгө көмөк көрсөттү жана бул долбоорлордун ишке ашырылышын камсыздайт. Мындан тышкары, JICA тамак-аш продуктуларын өндүрүүнү көбөйтүү үчүн гранттарды берүү боюнча алдын ала изилдөө жүргүзүү үчүн жооптуу уюм болуп саналат

Кыргызстандын Эмгек жана социалдык коргоо министрлигине Япониядан гуманитардык жардам катары 67 коляска берилди, анын ичинен чоңдор үчүн 67, балдар үчүн 3.

2007-жылдын 15-январында Эмгек министрлигинин басма сөз кызматы билдиргендей, Кыргызстандын Япониядагы элчилигинин аракетинин аркасында жалпы суммасы 65 миң 500 иен болгон жүк алынган.

Жапониянын Эл аралык кызматташтык институту кайрымдуулук жардамын көрсөттү.

Социалдык эмгек министрлигинин басма сөз кызматы билдиргендей, Кыргызстанда 102 миңден ашык ар кандай категориядагы майыптар жашайт, анын ичинен 17,3 миңи балдар.

Мындан тышкары карановирус инфекциясы учурунда Жапония Кыргызстанга гуманитардук жардам берилди. Ковид 2020-жыл – Жапония өкмөтү Кыргызстан элине 115,8 миң долларга респиратордук маскаларды белекке берилди. Жапониядан келген делегация Кыргызстанга Жапониянын Улуттук жугуштуу оорулар институту тарабынан берилген 2000 коронавирустук анализ тапшырды. Бул болсо дагы Кыргыз элине көп женилдик болду.

Техникалык кызматташуунун алкагында Кыргыз Республикасынын рыноктук экономикага өтүү мезгилиндеги кадрдык потенциалын өнүктүрүү максатында Бишкек шаарында адам ресурстарын өнүктүрүү боюнча кыргыз-жапон борбору түзүлгөн. Ошондой эле, бул багытта кадрларды даярдоо үчүн Маалыматтык технологиялар борбору түзүлгөн. Мисалы келтирсек: Японияга стажерлорду кабыл алуу, Жапон адистерин Кыргызстанга жөнөтүү,Жапониянын делегацияларын Кыргызстанга изилдөө үчүн жөнөтүү, жабдуулар менен камсыздоо, техникалык кызматташтык долбоорлору, өнүгүү планын изилдөө, волонтерлор [5, стр. 62 ].

Канча жылдан бери Жапониядан көптөгөн экномика жардамын берип келет. Азыркы заман талапка караштуу өзгөрүп турган эл аралык кырдаалга байланыштуу ЖАЙКА өнүгүп келе жаткан өлкөлөр үчүн кызматташуунун ар кандай формаларын сунуштайт. Бул сунуштар аркылуу Кыргызстандын экономикасын өнүүгүгө жана көтөрүүгө жардам берет.Жапония өнүгүү боюнча расмий жардам маштабы боюнча башка мамлекеттерден 6 орунда турат. Кыргызстан мамлекетине Жапония мамлекетинен 498.84 млн доллар гранттар жана кредиттери берилген. Менин оюмча, насыядан жана гранттан караганда инвестицияга өтуугө сунуштайт элем. Инвентиция менен көптөгөн долбоорлорду аткарып ишке ашырышса, биздин мамлекеттин экономикасына көп жардам болмок.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Агентство по инвестициям и развитию КР » [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://export.gov.kg/ru/for-importers/exporters/odno-selo-odin-produkt1.
2. JICA Kyrgyz Channel, Август – Сентябрь, 2010. С.1-2.
3. Жолдошева М.А. Особенности развития двухсторонних отношений между Японией иКыргызстаном (Ц1992-2017), Вестник МУК, 2021. -№2 (43). С.134
4. Жолдошева М.А. Деятельность ЯАМС в Кыргызской Республике: направление иособенность. Вестник МУК, 2021. №3 (44). С. 65

Жолдошева М.А. Кыргызско–японский центр человеческого развития: история, особенности деятельности, перспективы развития / Вестник МУК, 2021. №3 (44). С.62.